КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз VIII сессиясы**

**Токтом № 27**

**Сүлүктү шаары** **30-ноябрь 2021-жыл**

**Сүлүктү шаарындагы билим берүү мекемелерин 2021-2022 жылдын күз кыш айларына керектелүүчү көмүр менен камсыз кылуу үчүн акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 2021-жылдын 18-ноябрындагы №01-12/02-1471, шаардык билим берүү бөлүмүнүн 11.11.2021.ж №01-18/1056 чыгыш сандагы шаардык билим берүү бөлүмүнө караштуу билим берүү мекемелерин 2021-2022-жылдын күз кыш айларына керектелүүчү көмүр менен камсыз кылуу үчүн акча каражатын бөлүп берүү жөнүндөгү каты боюнча шаардык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтуу өз алдынча башкаруу жөнүндөгү" Мыйзамынын жана "Кыргыз Республикасынын бюджеттик Кодексинин 51 беренесине ылайык шаардык билим берүү бөлүмүнө караштуу билим берүү мекемелерин кышка көмүр менен камсыз кылуу максатында Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн 3111- "имараттар жана курулуштар" статьясыдан 700,0 (жети жүз миң ) сом акча каражаты шаардык билим берүү бөлүмүнүн 2224 "Көмүр сатып алуу" статьясына жылдырууга макулдук берилсин

2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Сүлүктү башкармалыгынын башчысы А.Келдибековго милдеттендирилсин

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөл кылуу жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин

Төрага : К.Мадаминов